ISBN 9967-410-59-0

# БГУ жарчысы




# Вестник БГУ

№4(30) 2014

Копиясы анык

# БГУ жарчысы Вестник БГУ

**№ 4(30) 2014**

К.КАРАСАЕВ атындагы БИШКЕК ГУМАНИТАРДЫК УНИВЕРСИТЕТИНИН ИЛИМИЙ ЖУРНАЛЫ
НАУЧНЫЙ ЖУРНАЛ БИШКЕКСКОГО ГУМАНИТАРНОГО УНИВЕРСИТЕТА им. К.КАРАСАЕВА

ISBN 9967-410-59-0



Башкы редактор
**А.И. МУСАЕВ**
филология илимдеринин доктору, профессор

Башкы редактордун орун басары
**С.И. ИСКЕНДЕРОВА**
филология илимдеринин доктору, профессор

## РЕДАКЦИЯЛЫК КЕҢЕШ

**АКМАТАЛИЕВ А.А.** - филология илимдеринин доктору, академик
**БАЙГАЗИЕВ С.Б.** - филология илимдеринин доктору, профессор
**ИСАЕВ К.И.** - философия илимдеринин доктору, профессор
**МАВЛЯНОВ А.С.** - техника илимдеринин доктору, профессор
**САДЫКОВ К.Ж.** - филология илимдеринин кандидаты
**САДЫКОВ А.С.** - филология илимдеринин доктору, профессор
**СООРОНКУЛОВ Г.О.** - педагогика илимдеринин кандидаты

## ИЛИМИЙ-РЕДАКЦИЯЛЫК КОЛЛЕГИЯНЫН МҮЧӨЛӨРҮ

**АБДУЖАБАРОВ Х.А.** - тарых илимдеринин кандидаты
**АКМАТОВ Б.** - филология илимдеринин кандидаты
**АСАНОВА А.А.** - филология илимдеринин кандидаты
**ЕЛЕБЕСОВА С.А.** - филология илимдеринин кандидаты
**ИСМАИЛОВА Э.И.** - философия илимдеринин доктору, профессор
**ИШЕМКУЛОВ Т.И.** - профессор
**КОЗУЕВ Д.И.** - филология илимдеринин кандидаты
**МАШРАПОВ Т.Т.** - тарых илимдеринин кандидаты
**ОРМОНБЕКОВА А.О.** - филология илимдеринин доктору
**САВИН В.Е.** - экономика илимдеринин доктору, профессор
**СЕЙИТБАЕВ Б.Т.** - саясий илимдеринин кандидаты
**ТОКСОНБАЕВ Р.** - педагогика илимдеринин доктору, профессор
**ЧОГУЛДУРОВ М.Д.** - география илимдеринин кандидаты



Илимий журнал 2003-жылы негизделген

Журнал КРнын Адилет министрлигинен 2001-жылы 2-мартта каттоодон өткөн.
**Каттоо күбөлүгү № 504**



© К.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университети

# Вестник БГУ
# БГУ жарчысы

№ 4(30)
2014

НАУЧНЫЙ ЖУРНАЛ БИШКЕКСКОГО ГУМАНИТАРНОГО УНИВЕРСИТЕТА им. К.КАРАСАЕВА
К.КАРАСАЕВ атындагы БИШКЕК ГУМАНИТАРДЫК УНИВЕРСИТЕТИНИН ИЛИМИЙ ЖУРНАЛЫ
ISBN 9967-410-59-0



Главный редактор
**А.И. МУСАЕВ**
доктор филологических наук, профессор

Заместитель главного редактора
**С.И. ИСКЕНДЕРОВА**
доктор филологических наук, профессор

## РЕДАКЦИОННЫЙ СОВЕТ

**АКМАТАЛИЕВ А.А.** - доктор филологических наук, академик
**БАЙГАЗИЕВ С.Б.** - доктор филологических наук, профессор
**ИСАЕВ К.И.** - доктор философских наук, профессор
**МАВЛЯНОВ А.С.** - доктор технических наук, профессор
**САДЫКОВ К.Ж.** - кандидат филологических наук
**САДЫКОВ А.С.** - доктор филологических наук, профессор
**СООРОНКУЛОВ Г.О.** - кандидат педагогических наук

## ЧЛЕНЫ НАУЧНО-РЕДАКЦИОННОЙ КОЛЛЕГИИ

**АБДУЖАБАРОВ Х.А.** - кандидат исторических наук
**АКМАТОВ Б.** - кандидат филологических наук
**АСАНОВА А.А.** - кандидат филологических наук
**ЕЛЕБЕСОВА С.А.** - кандидат филологических наук
**ИСМАИЛОВА Э.И.** - доктор философских наук, профессор
**ИШЕМКУЛОВ Т.И.** - профессор
**КОЗУЕВ Д.И.** - кандидат филологических наук
**МАШРАПОВ Т.Т.** - кандидат исторических наук
**ОРМОНБЕКОВА А.О.** - доктор филологических наук
**САВИН В.Е.** - доктор экономических наук, профессор
**СЕЙИТБАЕВ Б.Т.** - кандидат политических наук
**ТОКСОНБАЕВ Р.** - доктор педагогических наук, профессор
**ЧОГУЛДУРОВ М.Д.** - кандидат географических наук



Научный журнал основан в 2003 г.

Журнал зарегистрирован в Министерстве Юстиции КР 2 марта 2001 г.
**Свидетельство о регистрации № 504**



© Бишкекский гуманитарный университет им. К.Карасаева

Аштык алып нан кылам,
Жибек алып тон кылам.
Аштык алып уулумдан,
Азык-түлүк камдаймын.
Ашка кардым тойгон соң,
Анан Айды жандаймын,
Жибек алып кызымдан,
Кийим-кечек камдаймын.
Анан Айды жандаймын. (8.37).

Диалог түрүндөгү айтым сөз айгинелеп тургандай адамдардын аң-сезиминдеги байыркы баео, түркөй түшүнүктөр менен ишенимдерден кабар алабыз. Үркөрдүн кадимки адамдар сыяктуу эле уул-кызы, жашоо тиричилиги бар. Ушундан улам да бул чыгарма балдар үчүн жеңил, уккулуктуу жана кызыктуу.

Балдар арасында айлана чөйрөдөгү жандуу жаратылышка карата айтылган кайрылуу, арноо-тилек айтымдары бар. Байкоого караганда мындай чыгармалар чоң кишилерден балдар репертуарына өтүп, алардын эстетикалык талабын канаатандыра турган поэтикалык чыгармаларга айланган сыяктуу. Балдар өздөрү дагы бара-бара сырткы дүйнөнү жакшыраак таанып-билип аралаша баштайт, ар түркүн жан-жаныбарларды көрүп-билет, байкоо жүргүзөт таанышат. Натыйжада балдардын жан-жаныбарларга карата мамилесин чагылдырган чыгармалар пайда болот.

Айталык балдар мышык көрсө оюнкараак, балалык сезим менен:

Элгек-элгек,
Такта-нургуч.
Чыгырык, чыгырык,
Мыё-мыё! (2.26) - деп тийиштик кылса,

суур ийинден чыкканда:

Суур жеңе салам айт,
Салам айтсан туруп айт (5.47) дешет.

Эл оозунда жан жаныбар, канаттуулардын пайда болушу жөнүндө түркүн миф, легендалар жашап келген. (86.42-45). Ошондой легендалардын биринде суур бир учурда байдын келини болгон экен. Балдар ошол себептен суурга «жеңе» деп кайрылып отурат.

Ал эми балдар сук канаттуу сагызганды көргөндө минтип айтышкан:

Ак сүйлө,
Ак сүйлөсөн да,
Так сүйлө.
Ак сүйлөбосоң,
Үч сүйлө.
Үч сүйлөбөсөң,
Кара жаак
Мылтыкка жолук! (9.62.).

Кайрылуу айтымынын дагы биринде бала эл кайда көчөт коңузун колуна кондуруп алып, «Эл кайда көчөт?, эл кайда көчөт?» - деп колунан учуп кеткенче кайталай берет. Эл түшүнүгү боюнча эл кайда көчөт коңузу кайсы тарапка учуп кетсе, конуш жаңырткан эл да ошол тарапка көчөт экен. Буга бала кыялы абдан ынанган. Кайрылуу айтымдарынын көпчүлүгү, бала өмүрү, анын күнүмдүк жашоо-тиричилиги менен тыкыс байланыштуу болгондуктан, кээде башкача бир турмуштук жагдайларда айтыла калган балдар айтымдары учурайт. Мисалы көзгө чөп-чар, кылын түшсө төмөнкү айтым сөз бир нече ирээт кайталанат. «Арс! арс! Көзүмө чөп түштү. Алып берээр киши жок. Туфуу!, туфуу! Туфуу!». Баланын алгачкы тиши түшкөндө аны нанга ороп итке таштайт да:

Жаман тишимди сен ал,
Жакшы тишинди мага бер! - деп күбүрөйт.

Ошентип мындай айтымдардын пайда болушу, аткарган функциясы байыркы мезгилдерге барып такалат. Балдар жаратылышты, жаныбарлар дүйнөсүн сөзгө тартып, алар менен сүйлөшөт, мамиле түзөт. Алардын айрымдарында байыркы ырым-жырымдын белгилери да сакталып калган.

*Адабияттар*


1. Матыжанов К.С. Казахская детская фольклорная поэзия.- -Автореферат диссертации на соискание ученой степени кандидата филологических наук. - Алма-Ата, 1990. – 26 б.
2. Мукамбаев Ж. Эл ичи - өнөр кенчи. –Ф.: «Адабият»,1990. – 224 б.
3. Макелек Өмүрбай. Кыргыз балдарынын оозеки чыгармалары // Кыргыздар.VI том. –Б.: «Бийиктик», 2011. - 349-371-бет.
4. Балдар фольклору. «Эл адабияты» сериясы. 20-том. – Б.: «Шам», 1998. - 480 б.
5. Орозова Г. Кыргыз балдар фольклорунун жанрдык составы жана поэтикасы. – Б.: «Бийиктик», 2003. -140 б.
6. Түлөгабылов М. Кыргыз балдар адабиятынын тарыхы.- Б.: «Мектеп» , 1991. – 272 б.
7. Матыжанов К.С. Казактың фольклорлық балалар поэзиясы: Диссертация на соискание ученой степени кандидата филологических наук. – Алматы, 1990.
8. Кебекова Б. Кыргыз-казак фольклордук байланышы. –Ф. : «Илим», 1982. - 259 б.
9. Мукамбаев Ж. Эл ичи-өнөр кенчи. – Ф. Кыргызстан; 1982. -240 б.


---


***Зулуев Б.Б.,***
***Келдибай кызы М,***
***ОГПИ***


# «МАНАС» ЭПОСУ ЖАНА ТАРЫХ

Кыргыз элинин үчилтиктен турган эпопеясы - «Манас» сансыз кылымдарды кыйгап өтүп, көп жолу кайра иштелип, толукталып, жаңыланып, кардиналдык өзгөрүүлөргө учурап отурду. Анын эң алгачкы башаты ошондой болгондон кийин андан ары архаикалык түшүнүктөрдүн, образдык ой жүгүртүүлөрдүн элементтерин көрүү мыйзамченемдүү көрүнүш.

Каны бир кара, бети көк,
Боору чаар, сырты көк,
О, мына жалы көгала сарыгер элс.
Баатыр бир Манас сурасан,
Көк жал бир дөбөт бөрү эле [2, 63-б]

Ч.Валиханов уюштуруп жаздырган вариантта Манаска ушундай мүнөздөмө берилет.

Бул саптарды окуган кишинин көзүнө эки нерсе урунат: биринчиден, бир түстүн (атап айтканда көк түстүн) басымдуулугу; экинчиден, суроо жарата турган сөз айкаштары: эмне үчүн Манастын бети, эти (сыргы) көк? Боору чаар экенин кантип көрүүгө болот?

Илимде бир кезде Түндүк Чыгыш Азияны жердеген хунндар түрк тилинде сүйлөгөн эл болгон деген болжол бар. Бирок кайсы тилде сүйлөгөнүнө карабастан алар Көк асманга - Көк Теңирге сыйынышкан, аны башкы кудай деп эсептешкен. Ал эми түрктөр, анын ичинде кыргыздар, хунндардын мурасчылары жана тукумдары болуп эсептелет. Мына ошол себептен кыргыздар көк түстү ыйык көрүп, ага сыйынган. Айрым учурда Теңирге баш ийген, экинчи даражадагы кудайларга да анын айрым белгилери берилген. Мисалы, төмөнкү дүйнөнүн кудайы, падышасы – Көкдөө. «Эр Төштүк» эпосунда эң алгачкы жолу ал мындай сүрөттөлөт:

Көк эренчи жамынып,
Көк жолборстой чамынып,
Көк болот чокмор колго алып,
Көк тулпар санга бир салып.

Бул жерде да көк түс үстөмдүк кылганын көрөбүз. Айрым түрк уруулары өздөрүн «көк түрктөр» деп аташкан, муну менен алар өздөрүнүн кудайга жакындыгын, анын сүйүктүү балдары экендигин көрсөтмөк болушканы байкалат.

В.М. Жирмунский «Манастын» нукура баатырдык эпос экенин белгилөө менен катар анын курамынын татаалдыгын айтып, андагы үч катмарды ажыратат [3, 166-б]. Эпостун тарыхый катмарын кыргыздын Теңир-Тоодо жашап турган кезиндеги, тагыраак айтканда, XV-XVIII кылымдардын арасындагы көчмөн ойрот (калмак) мамлекетинин баскынчылыгына каршы күрөшүү түзөт деп эсептеп, кыргыз мамлекетине каршы бул баскынчылыктын башында турган калмак-кытай мамлекетинин башкаруучулары жана аскер башчылары Эсенкан (тарыхта Эсен тайчы), Коңурбай (калмак эпосунда Хонгор), Алооке (тарыхта - Аляку) ж.б. инсандар жөнүндө кеңири маалымат берет.

«Манас» жөнүндө жазуу жүзүндөгү эң алгачкы маалымат болуп эсептелген Сайф-ад-Диндин «Мажму ат-Таварих» (XVI к.) деген эмгегинде кыргыз эпосунун мазмуну монгол, түрк өкүмдарларын (Токтомуш) жана мусулман ыйыктарын (Айкожо, Каракожо ж.б.) даңазалоо, арбагын көтөрүү, тарбиялоо багытында чечмеленген жана иштелип чыккан. Сайф-ад-Диндин Манасты Токтомуш хандын нөкөрү, Айкожо, Каракожо «абдан асыл зат» Сейид Желал ад-Динге ийилип таазим кылган» дин үчүн күрөшүүчү кылып көрсөткөнү аны тарыхый инсан деп жарыялоого жетиштүү негиз болуп бериши күмөн туудурат [4].

«Манастын» кейипкерлеринин тарыхка катышы жөнүндөгү көз караштан мына мындай фактыны көрсөтө кетүү ашык болбойт. Эпосто Манастын аялынын аты – Каныкей. Персиянын тарыхый булактары жана татар-казак эпосунун жөрөлгөсү Токтомуш хандын Каныкей, Таныкей деген кыздары болгонун тастыктайт. Түрмуш өзү манасчылардын колуна даяр сюжетти салып бергенсип турат. Манас менен Токтомуштун кызы Каныкейди кошуп койгондо ишенчиликтүү да, чындыкка жакыныраак да көрүнмөк. Бирок манасчылар ал жол менен барган эмес. С. Орозбаковдун варианты боюнча Манас Ша-Темирдин (эпос боюнча анын тарыхый Темир менен байланышы жок), ал эми Сагымбайдын варианты боюнча жомоктогу Каракандын кызы Каныкейге үйлөнөт. Бул факт Темир да, Токтомуш да реалдуу инсандар катары кыргыз эпосуна кирбегенин көрсөтөт [1, 154-б].

Бул сөздүн аягына чыгуу үчүн Каныкей Манаска тийгенден кийин гана ушул атын ала тургандыгын, анын чыныгы аты Санирабийга экенин айтуу керек. Анын бул аты аңыз болуп келе жаткан Вавилондун падышасы Навуходоносордун аялы болгон имиш (тарыхтагы фактыга бул туура келбейт) деп айтылган Семирамиданын атына үндөшөт. Бул байыркы заманда Борбордук Азияга батышган же Орто Чыгыштан кирген мифологиянын таасириби же дал келүүбү – бул анык эмес. Сириянын кудайынын кызы Семирамида жөнүндөгү гректердин мифи кеңири жайылган миф болгон.

«Манас» эпосу бир мезгилде жашап, бир душман менен күрөшкөн инсандардын эмес, түрдүү кылымдардагы, түрдүү инсандардын образдарынын бүтүндөй бир галереясын түзөт. Манастан башка Бакай, Каныкей, Алмамбет, Чубак, Сыргак, Кыргыл, Серек ж.б. образдар бар. Алардын образы VII-VIII кылымдагы эр жүрөк баатыр каган аты ташка чегилген Барсбек, IX кылымда күч-кубаттуу Уйгур мамлекетине каршы жеңиштүү жүрүштү уюштуруп жана анын башында турган кыргыздын акылман ажосу, Чынгызханга баш ийбей Жуучунун жана башка монгол колбашчыларынын аскерине каршылык көрсөткөн эрлер, айрыкча жүздөгөн, миңдеген жылдар бою кытай баскынчыларына, калмактарга каршы кармашкан, бирде өздөрү кырылып, бирде жеңишке жетип келишкен эр азаматтар – ушулардын бардыгынын сапаттарын жана иштерин чогултуп жана жалпылаштырып көрсөтөт. Кыргыз эпосундагы историзм жөнүндө айтканда, эпостун негизинде кыргыз элинин тарыхы жатат, «Манас» элибиздин турмушунун энциклопедиясы деп бекеринен айтылбайт. Эпостун каармандары жалпылаштырылган типтүү образдар болгон сыяктуу эле окуяны да жалпылаштырып сүрөттөйт. Ошондой эле Манастын согушка киришинин өзү да адатта бардык жерде бирдей берилет.

Ажыдаар жыланы
Артынан сойлоп алыптыр.
Көсөө куйрук көк бөрү –
Көкжал эрдин жөкөрү
Артынан эргип алыптыр.
Алп кара куш арбайып,
Асмандан бутун салыптыр.
Кара чаар жолборсу
Жолду баштап калыптыр.
Алды жагын карасаң,
Кырк карышкыр кабышат.
Арка жагын карасаң,
Кырк миң киши сайышат.

Бул – Манастын майданга кириши. Манастан сокку алган душмандын көрүнүшү бардык жерде бирдей: «Үзөңгүдөн бут тайып, ээрден түштү кылтайып» аттан кулайт.

Мына ушинтип, кандайдыр бир убактылуу, өтүп кете турган өзгөчөлүк, айырмачылыктардан баш тартып, кайталанып тура турган маанилүү, мүнөздүү окуяларды, көрүнүштөрдү сүрөттөөнүн натыйжасында эпос турмуштун жалпыланган элесин түзүү мүмкүндүгүнө ээ болот. Алар эпикалык мезгилдин мыйзамына ылайык бир мезгилге келтирилет, б.а. топтоштурулат.

Дүйнө элдеринин эпосторуна кайрыла турган болсок, айрым эпостордо  алардын идеялык-тематикалык мазмуну ал же бул элдин калыптануу, өсүп-өнүгүү жолундагы айрым учурлары же темалары алдыңкы планга чыкса да, (мисалы, карело-финндердин «Калеваласында» табият менен болгон күрөш, немистердин «Нибелунгдар жөнүндө ыр» дегенинде жат уруулар менен болгон кагылышуу) эреже катарында элдин калыптануу стадиясындагы бүткүл тажрыйбасы, так ошондой элибиздин эл болуу, журт болуу баскычтары жана этаптары көркөм түрдө көрүнөт. «Илиада», «Одиссея», «Махабхарата», «Рамаяна» сыяктуу классикалык эпостор аларды жараткан элдердин өсүп-өнүгүшүнүн белгилүү бир этабында жазылып, алар жазма түрүндө кандай болсо ошодой өзгөрбөй жашап келе жатат. «Манастын» алардан айырмасы бүгүнкү күнгө чейин «тирүү» түрүндө эл арасында жашап келгендиги болуп эсептелет. Ошондуктан ал убакыт өткөн сайын турмуштун, элдин аң-сезиминин эстетикалык талабынын өзгөрүшү менен кошо өзгөрүп жаңыланып отурду. Бирок, өзүнүн *белгилүү бир мыйзамченем*дуулугунүн чегинде *кылымдар бою өнүгүүсүнүн натыйжасында эпос өзүнүн сюжеттик курулмасын, стилин, каармандары*нын курамын жана тибин, алардын ордун жана жайгаштырылышын, окуялардын чөйрөсүн аныктаган. Ошентип, эпостун туруктуу традициясы иштелип чыккан. «Манаста» мындай традиция да, негизги варианттары да бар. С.Орозбаков менен С.Каралаевден жазылып калган варианттар өздөрүнүн мазмуну жана толуктугу жагынан ошондой варианттар болуп эсептелет.

Эпос жаралуу жана калыптануу этабында сюжеттик-композициялык курулмасы жагынан да, өтүп жаткан саясий жана тарыхый окуяларды өз кучагына камтуу жагынан да көп катмардуу. «Манас» - бир доорго эле эмес, көп доорго таандык чыгарма, ал – бирин-бири алмаштырып турган көп муундун чыгармачылыгынын жемиши.

Дүйнөлүк эпикалык чыгармалар, негизинен оозеки түрдө пайда болгон жана жазылып калганга чейин ушул жол менен өнүккөн. «Манастын» көбүнөн айырмасы – дүйнөлүк масштабда алганда, - ок, дары, китеп басмасы ойлоп чыгарылып, «баатырдык доор» деп аталган мезгил өткөндөн кийин да оозеки жашоосун уланткандыгы болгон. Бул, албетте, эпоско таасирин тийгизген, бирок кыргыздын коомдук-тарыхый жолунун, коомдук эстетикалык аң-сезиминин өнүгүшүнүн шартынан улам эпостун тибин жана идеалдуу каармандын табиятын өзгөртүп жиберген эмес.

Эпосто жеңилүүнү билбеген Манас, Алмамбет, Чубак, Сыргак сыяктуу баатырлардын, акылман, кыраакы аял Каныкейдин, калктын кылымдык тажрыйбасынын сактоочулары Бакай, Кошой сыяктуу көптү көргөн көсөмдөрүн төгөрөгү төп келген, монументалдуу образдарынын түзүлүшү, бир жагынан, элибиздин көп миңдеген жылдарды камтыган баатырдык, татаал жолун тастыктаса, экинчи жагынан, *анын дүйнөтаануусу терең,* масштабдуу *болгонун, рухунун байлыгын, даанышмандыгын* көрсөтөт. Анткени, ушундай эл гана «Манасты» жаратышы мүмкүн.

*Адабияттар*


1. Борбугулов М. «Манас» эпосу: башаттары, эволюциясы. – Б.: 2004.
2. Ботояров К. Көөнөрбөс мурас. – Б.: 1996. 63-б
3. Жирмунский В.М. Введение в изучение эпоса «Манас».  Китепте: Киргизский героический эпос «Манас». – М.: Издательство АН СССР, 1961. 166-б.
4. Караев Ө. Манас – тарыхый инсан. //Заман Кыргызстан, 1994, 48-51-сандары.



***Б.М.Акматов***
***БГУ***


# М. АУЭЗОВДУН АЛГАЧКЫ ДҮЙНӨ ТААНЫМЫНДАГЫ КАРАМА-КАРШЫЛЫКТАР ЖАНА КЫРГЫЗ ЖАНА ОРТО АЗИЯ АДАБИЯТЫНДАГЫ АБАЛ

М.Ауэзовдун балалык чагы жана өспүрүмдүк курагы жана анын алгачкы чыгармачылыгы менен таанышкан адам бир нерсени байкайт. Ал жаш Мухтардын дүйнө таанымындагы карама-каршылыктар болуп саналат. Анын өзү бирде орто кылымдан бери Орто Азия чөлкөмүн кучагына алып, анда болуп жаткан саясий жана маданий турмушка өзүнүн идеологиялык да, философиялык да үстөмдүгүн жүргүзүп келген ислам дини менен маданиятына артыкчылык берсе, бирде XIX кылымдын экинчи жарымынан тарта Орто Азия чөлкөмүндө жашаган элдер өздөрүнүн баштапкы жашоо-турмушунун негизи болгон көчмөн турмушту чанып, басып алган орустар аркылуу өзүнүн артыкчылыгын көрсөткөн отурукташкан турмушка ык алгандыгы менен коштолот. Тактап айтканда, жаш Мухтар эс тарткандан тарта көчмөн турмуштун ийлигиктери менен кемчилдиктерин бирдей байкап, анын баалуулуктары эмнеде тураарын так айырмалап чонойсо, экинчи жагынан орустардын баскынчылык саясаты менен кошо келген отурукташкан турмуштун оң жана терс жактарын эрте түшүнө баштайт.